“Макулдашылды”
педагогикалык кеңешме
токтом № 1
“3” “09” 2022

“Бекитемин”
мектеп мүдүрү
Мамышова Т.А.

# Жаш мугалимдер менен иш алып баруунун ЖОБОСУ

1. Бул жободо мектептеги метод бирикмелердеги мугалимдер жана жаш мугалимдердин ортосундагы иш көрсөтүлөт.

- Жаш мугалим — бул мектептеги жаш адис
- Мугалимдик кесибинде тажрыйбасы жок
- Атайын орто же жогорку жайды бүтүргөн кесиби боюнча мугалим – Жогорку пед.окуу жайдын 3-5 курсунда окуусун уланткан жаш студент – Окуусун билимин өркүндөтүү курсунда кесиби боюнча «Мугалим» жана билим берүү мекемелерде 3 жылдан аз эмес стажы бар адис
- Наасатчы — бул мугалим

–Билим берүү мекемелерде 5 жылдан кем эмес стажы бар мугалим
- Жогору кесиптик жөндөмү бар мугалим

–Өзүнүн жумушунда бийик көрсөткүчтөргө ээ болгон мугалим
- Жогорку сыйга жана бийик абройго ээ болгон мугалим

-Пед коллективде, администрация тарабынан жана ата-энелердин тарабынан сыйга ээ болгон мугалим – өзүнүн мугалимдин кесибиндеги тажрыйбасын өркүндөткөн мугалим

Наасатчы жана жаш мугалимдин ортосундагы иш-план мектептин директорунун буйругу менен бекитилет жана жаш мугалимге тажрыйбалуу мугалим бекитилет.

Насаатчылык — бул каалоосу менен коомдук жүктөм

**Жаш мугалимдер менен иш алпаруунун максаты:**

- Жаш мугалимдер менен жекече иш алып баруу
- Жаш мугалимдерге пед.коллектив менен тажрыйбалуу иштегенге шарт түзүп берүү
- Жаш мугалимдин өзүнүн ишине болгон умтулуусун жогорулатуу
- Билим берүүдө жана тарбия иштеринде көмөк жардам берүү

Насаатчы кандидатурасы пед.кенешменин чечими менен бекитилет, насаатчынын макулдугу менен бир насаатчыга бир же эки жаш мугалимди бекиттирсе болот. Насаатчы өзүнүн түз милдеттерин аткара албаса же башка жумушка, башка мектепке которулуп кетсе, же жаш мугалим жана насаатчы ортосунда пикир келишпеген учурлар болсо анда бөлөк насаатчыны бекитсе болот.

## Насаатчынын милдеттери жана укуктары

- Насаатчы жана жаш мугалим жаңы окуу жылына карата иш-планын түзүп, аны окуу завучка бекитет.
- Жаш мугалимдин мүнөзүн билүү ага ийгиликтүү иштешине шарт түзүп берүү
- Жаш мугалимге өзүнүн билимин өркүндөтүүгө жардам берүү
- Жаш мугалимге жаңы инновациялык методдор жана жаңы сабактын технологиялары менен тааныштыруу
- Жаш мугалимге ар кандай методикалык сунуштарын жана пикирин айтып, анын кемчиликтерин жоюу жолдорун көрсөтүп берүү
- Насаатчы жаш мугалимдин сабактарына катышат. Кемчиликтерин же болсо жакшы жеткендиктерин айтып анализдейт. _ Жаш мугалимдин ишин контролдойт
- Ага психологиялык жактан жардам көрсөтөт

**Жаш мугалимдин укугу жана милдеттери:**

- Жаш мугалим өзүнүн иш тажрыйбасын өркүндөтүүгө умтулушу
- Насаатчы менен ачык сабактарга, ачык тарбия сабактарга катышып, сабак берүүнүн ыкмаларын үйрөнүү
- Метод бирикмедеги мугалимдердин иш тажрыйбасы менен таанышып, алардын сабак берүүдөгү ыкмаларын үйрөөнүүгө аракет кылат.
- Жаңы технологиялар жаңы ыкмалар менен өзүнүн жеке сабактарына колдонуп, мугалимдер менен кенен пикир алмашып кемчиликтерин жоюуга аракет кылат.

-Кошумча метод китептерди окуп жана окуучулардын тарбия берүүдөн жардам алууга аракет кылат

- Өзүнүн насаатчысы менен тыгыз иштеп, анын сабактарына катышып жакшы ийгиликтүү ыкмаларын алуу жана үйрөнүү
- Мектепте тажрыйбалуу мугалимдерден жардам алып, аны сабактарга колдоно билүү
- Билим берүүдө, тарбия иштеринде, ата-энелер менен иш алып барууда насаатчыдан кеңеш алуу
- Ачык сабак берүүдө, же тарбия саат өтүүдө насаатчынын пикирин жана кеңешин угат
- Насаатчы менен жаш мугалимдин ишин окуу-тарбия завучу көзөмөлдөйт
- Жаш мугалим жана насаатчынын иши жободо так көрсөтүлөт
- Жаңы бир окуу жылга насаатчылык боюнча иш түзүлөт.

Жаш мугалимдин иш-тажрыйбасы боюнча бир жылда насаатчы отчет берет жана мониторинг түзөт